
SUOMI
FINLAND

LEGAL AID

ОБЪЕДИНЕННЫЕ НАЦИИ
ПРАВА ЧЕЛОВЕКА
УПРАВЛЕНИЕ ВЕРХОВНОГО КОМИССАРА

UNDP

# МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ БУУНУН КОНВЕНЦИЯСЫНА ФАКУЛЬТАТИВДИК ПРОТОКОЛ



## Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясына Факультативдик протокол

Факультативдик протокол Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясына (МАУК) кошумча макулдашуу болуп саналат жана жекече доо-арыздарды кароо механизмин белгилейт.

https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.shtml

Факультативдик протоколду ратификациялоо, өлкөнүн жарандарына Конвенцияда бекитилген укуктарынын бузулушу жөнүндө арыз менен Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча БУУнун комитетине кайрылууга укук берет.

Факультативдик протоколду ратификациялоо Кыргызстанда адам укугун коргоо механизмин күчөтөт жана Конвенциянын жоболорун натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылат.

## Факультативдик протоколду ратификациялоонун жыйынтыгында:



- Кыргызстандын жарандары Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча БУУнун комитетине өз доо-арыздарын расмий жибере алышат;



- Доо-арыздардын жана кайрылуулардын негизинде Комитет Конвенциянын мүчө-мамлекеттери тарабынан майыптыгы бар адамдардын укуктарын олуттуу жана системдик түрдө бузууларын иликтей алат;



- Кыргыз Республикасынын укуктук мамлекет катары эл аралык деңгээлде бедели көтөрүлөт;



- Өлкөдө инклюзивдик коомду жана жеткиликтүү чөйрөнү түзүү процесси тездейт.

# Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясы деген эмне?

Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун конвенциясы – майыптыгы бар адамдардын бардык укуктарын эркиндиктерин толук жана бирдей жүзөгө ашыруусун камсыз кылуу, кадыр-баркын урматтоо максатында 2006-жылы декабрда БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган эл аралык юридикалык келишим.

Конвенция майыптыгы бар бардык адамдар башкалар менен бирдей пайдаланышы керек укуктарын, ошондой эле мамлекеттин жана башка жактардын ал укуктарды ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча милдеттерин аныктайт.

Конвенция майыптыгы бар адамдардын экономикалык, социалдык, саясий, укуктук жана маданий жааттардагы укуктарын коргойт жана илгерилетет. Конвенциянын жоболоруна ылайык, майыптыгы бар адамдар кемсинтпеген мамилеге, теңдикке, сот адилеттигине, жөндүү ылайыкташууга, көмөкчү каражаттарга, билим алууга, социалдык коргоого, медициналык тейлөөгө, эмгекке жана иш менен камсыз болууга, үй-бүлөө курууга, маданий, спорттук, саясий, коомдук иш чараларга катышууга укуктуу.

Конвенция майыптыгы бар бардык адамдардын укукка жөндөмдүүлүгүн таанууга кепилдик берет. Андан сырткары Конвенция кыйноолорго, эксплуатациялоого, зомбулукка, ырайымсыз мамилеге тыюу салат жана майыптыгы бар адамдардын өмүрүн, эркиндигин, коопсуздугун, алардын эркин жылып жүрүү, пикирин билдирүү, ошондой эле жеке жашоосуна кол тийбестик укугун коргойт.

Кыргызстан тиешелүү мыйзам кабыл алуу менен Конвенцияны 2019-жылы жазында ратификациялаган.



## Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча Комитет деген эмне?


Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча БУУнун Комитети мүчө-мамлекеттер тарабынан БУУнун Конвенциясын аткаруусун контролдоочу көз карандысыз эксперттерден турган орган болуп саналат.

Комитет көз карандысыз 18 эксперттен турат, алар мүчө-мамлекеттер тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланышат, мында географиялык акыйкат бөлүштүрүүгө, тийиштүү юридикалык тажрыйбасына жана тең салмактуу гендердик өкүлчүлүккө көңүл бурулат. Комитеттин мүчөлөрү мүчө-мамлекеттердин өкүлдөрү катары эмес, жеке адам катары катышат.

Комитет Конвенцияны жүзөгө ашыруу үчүн жасалган иштер тууралуу мамлекеттер тарабынан даярдалган мөөнөттүү докладдарды карайт. Факультативдик протоколдун катышуучулары болуп саналган мамлекеттер үчүн, Комитет жеке адамдардын укуктарынын болжолдуу бузулгандыгы жөнүндө доо-арыздарын кабыл алуу жана Конвенциянын жоболору одоно жана системалык түрдө бузулган учурда иликтөөлөрдү жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ.

## Мезгилдүү отчеттуулук деген эмне?

Ар бир мүчө-мамлекет Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитетке Конвенцияны жүзөгө ашыруу үчүн кабыл алынуучу чаралар жөнүндө доклад берет. Баштапкы доклад Конвенция күчүнө киргенден баштап эки жылдын ичинде берилет. Андан кийинки докладдар ар бир 4 жылда берилип турат.



## Укуктар бузулса, Комитетке доо-арыз жиберүүгө мүмкүнчүлүк барбы?

**Бар.** Конвенциянын Факультативдик протоколу жекече билдирүүлөрдүн жол-жоболорун белгилейт. Эгерде кайсы бир мамлекет Конвенция боюнча өзүнүн милдеттерин бузса, Протоколдун мүчө-мамлекеттеринин айрым адамдары жана топтору Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитетке доо-арызы менен кайрылууга укугу бар. Даттануу «билдирүү» катары аныкталат. Комитет доо-арыздарды, сын-пикирлерди карайт жана өз сунуштарын түзөт. Андан кийин тиешелүү чара көрүүгө мамлекетке жиберилип, жалпы коомдун талкуусуна коюлат.

## Комитет кантип иштейт?

Факультативдик протокол иликтөөнүн жол-жобосун белгилейт. Комитет Факультативдик протоколдун мүчө-мамлекеттеринин бири Конвенциянын кайсы бир жобосун олуттуу же системалык түрдө бузгандыгы жөнүндө күбөлөндүрүүчү маалымат алса, Комитет чара көрүү үчүн мамлекетке сунуштама бере алат. Мүчө-мамлекеттин сын-пикирин жана башка так маалымат алгандан кийин, Комитет иликтөө жүргүзүп, тез арада доклад түзүү үчүн өзүнүн бир же бир-нече мүчөсүн дайындай алат. Эгер мамлекет макул болсо, Комитет укуктардын бузулганын иликтөө максатында ошо өлкөгө барышы мүмкүн. Иликтөө жүргүзүлгөндөн кийин Комитет жыйынтыктары жана сунуштамалары жөнүндө мамлекетке кабарлайт.



Ага мамлекет алты айдын ичинде жазуу жүзүндө жооп берүүгө милдеттүү, ал жооптун ичинде Комитеттин пикирин жана сунуштарын эске алуу менен көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат камтылат.

## Факультативдик протоколдун катышуучусу болуу үчун эмне кылыш керек?




Мамлекет БУУ МАУКтун Факультативдик протоколуна кол коюу жана ратификациялоо аркылуу анын мүчөсү болот.

Ратификациялагандан кийин мүчө-мамлекет өз жарандарынын, ошол өлкөдө укуктары бузулганы тууралуу билдиргендердин атынан маалыматтарды кабыл алуу жана аларды кароо боюнча Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча БУУнун комитетинин компетенциясын расмий тааныйт.

## Факультативдик протоколду ратификациялоо жол-жобосу кандай өткөрүлөт?

Факультативдик протоколду ратификациялоо төмөнкү этаптардан өтөт:

**Кол коюу** - мамлекеттин Конвенциянын жоболорун сактоого милдеттүү экендигин жана аны аткарууга болгон ниетин билдирет.

**Ратификация** - мамлекетке мыйзамдуу негизде жасашы мүмкүн болгон эскертмелерди, билдирүүлөрдү күчүнө калтыруу менен, Конвенциянын, Факультативдик протоколдун жоболорун кодонууга юридикалык милдеттенме жүктөйт.

**Кошулуу** - мамлекетке Факультативдик протоколду сактоонун юридикалык милдетин жүктөйт. Мамлекет ошондой эле кошулуу жөнүндө документти Бириккен Улуттар Уюмунун баш катчысына сактоого берүү менен, Факультативдик протоколдогу милдеттерге өзүнүн макулдугун билдирет.

## Кыргыз Республикасында эл аралык келишимдерди ратификациялоо кантип жүргүзүлөт?

Эл аралык келишимдерди ратификациялоо төмөнкү этаптар боюнча жүргүзүлөт:

1.Ратификация жөнүндөгү ченемдик укуктук актынын долбоорун басып чыгаруу.

2. Ратификация жөнүндөгү ченемдик укуктук актынын долбоорун Министрлер


3. Ратификация жөнүндө ченемдик укуктук актынын долбоорун КРнын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитеттери менен макулдашуу.

4. Ратификация жөнүндө чечим КРнын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алуу.

5. Ратификация жөнүндө ченемдик укуктук актынын долбооруна КРнын Президентинин кол коюшу.

6. Ратификациялык грамоталардын эсебин алуу жана каттоо КРнын Тышкы иштер министрлиги тарабынан жүргүзүлөт.

Факультативдик протоколду ратификациялоо майыптыгы бар адамдардын бардык укуктарын жана эркиндиктерин толук камсыз кылууга, ошондой эле алардын укуктарынын бузулушун алдын алуу боюнча натыйжалуу чараларды көрүүгө болгон мамлекеттин чечкиндүү кадамын билдирет.








12
9
6



